Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

## “Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн жана Ленин айыл аймактарынын чек араларынын баяндамасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору тууралуу

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине, “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20 жана 21 - беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкү тиркелгендер жактырылсын:

- “Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн жана Ленин айыл аймактарынын чек арасынын баяндамасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн жана Ленин айыл аймактарынын чек арасынын баяндамасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна корутундусу.

2. Аталган Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору бул Мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий өкүлү болуп дайындалсын.

**Төрага** **А.У. Жапаров**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору

________________Э.Н. Джантаев

2022-ж. «____» __________